УДК 37.026

Шамыркулова В.Т., Өмүрзакова К.К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «АЛИППЕ» ОКУУ КИТЕПТЕРИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Аталган макалада З.Маразыкованын "Алиппе" окуу китеби менен С.Рысбаевдин "Алиппе" окуу комплекси салыштырылып, талдоого алынды. Эки автордун окуу китептеринин айырмасы, алардагы негизги өзгөчөлүктөрү, окутуудагы, окуучулар менен иш алып баруудагы айрым жагдайлар эске алынды.*

Биз З.Маразыкова менен С.К.Рысбаевдин «Алиппе» окуу китептерин салыштырып талдоого алууну туура көрдүк (максатыбыз кийинки макалада Б.Кубаталиева, А.Абдыканова, М.Асаналиева "Алиппе", 2011-ж. окуу китебин талдоо). Кандай болгондо, да бул эки автордун 1-класстын окуучулары үчүн жарык көргөн «Алиппе» окуу китептери алардын кат-сабатын ачууда зор ийгиликтерге жетишип келди. Бирок, албетте, бул эки китептин өз ара айырмачылыктары да бар. Анткени ар бир чыгармачыл ишмердин өзүнүн оюу, кыялы, максаты, фантазиясы болот эмеспи. Мына ошого байланыштуу, «Алиппе» окуу китептеринин бири-биринен болгон негизги өзгөчөлүктөрү көңүлдү бөлбөй койбойт. Себеби азыркы мезгилде С.К.Рысбаевдин «Алиппе комплекси» жөн жерден окутулуп калган жок, б.а., бул комплекстүү китеп окуучулардын сабатын ачууда бир кыйла жеңилдиктерди алып келген.

Буга мисал катары, биринчи иретте, китептердин түзүлүшүнө көңүл буралы.

З.Маразыкованын "Алиппеси" эч кандай жандооч китепчелерсиз, өзү эле түзүлгөн, ал түгүл жазуу иштери да китептин бетинде аткарылат. Ал эми, К.Рысбаевдин "Алиппеси" жандооч китепчелердин жана дидактикалык материалдардын тутумунан турат. Башкача айтканда, комплекстин курамын «Шайыр тамгалар», «Боёмо тамгалар», «Жазуу дептери», «Кесме тамгалар» жана «Алиппе» окуу китеби түзөөрү белгилүү. Бул окуу куралдары, албетте, сабат ачууда чоң ийгиликтерге жетишип келүүдө. Анткени бул учурда окуучу бир мезгилде бир нече билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ боло алат.

Ал эми сабат ачуу мезгилиндеги тамгасыз белгилөөлөр жөнүндө сөз кылсак, бул эки китепте тең каралган, бирок алар ар башкача белгиленет.

З.Маразыкованын "Алиппесинде" үндүү - кызыл, жумшак үнсүз - жашыл, каткалаң үнсүз - көк менен, ал эми С.К.Рысбаевдин "Алиппесинде" болсо, үндүү -кызыл, үнсүз көк менен гана белгиленет.

Чындыгында, С.К.Рысбаевдин тамгасыз белгилөөлөрү тагыраак натыйжа берүүдө. Анткени жаңыдан тамга таанып баштаган бала алардын жумшак-каткалаң, үндүү-үнсүз экендигин бир убакта кабыл алалбай, чаташтырып алышы ыктымал. Ошондой эле муунга бөлүп окууда да ыңгайлуу болоруна башталгыч класстын мугалимдери күбө. Ошондуктан жөн гана үндүүнү кызыл түстө, үнсүздү көк түстө деп белгилеп тааныштыруу окуучулардын сабатын ачууда бир топ жеңилдикке алып келээри иш жүзүндө далилденди деп ойлойбуз.


Мындан сырткары, С.К.Рысбаевдин "Алиппесинин" З.Маразыкованын "Алиппесинен" болгон дагы бир артыкчылыгы - алиппе мезгилиндеги тамгалардын тааныштырылышы. Тактап айтканда, З.Маразыкованын "Алиппесинде" биринчи кезекте үндүү тыбыштар ( а, э, о, ө, у, ү, ы, и ) катары менен окутулган. Ал эми мындай учурда деңгээли начар окуучулар үнсүздөр менен тааныш болгонго чейин үндүү тамгалардын кээ бирлерин унутуп коюшу мүмкүн. Ошондой эле күнүнкү өтүлүүчү сабактар да окшоштукту туудурат.

Ал эми С.К.Рысбаевдин "Алиппесинде" үндүү, үнсүз тыбыштар ылайыгына жараша, кезектешип тааныштырылат.

Мисалы, **а** тыбышы өтүлгөндөн кийин **т** тыбышы, андан кийин **о** тыбышы өтүлөт ж.б.у.с. Тыбыштарды мындай жол менен тааныштырууда 1-класстын окуучуларына чоң

жеңилдик түзүлгөн. Себеби окуучу **т** тыбышын тааныр замат, ага мурда өтүлгөн **а** тыбышын кошуп, эки тамгадан түзүлгөн сөздөрдү окуй баштайт.

Мисалы, ат
А-та
Та




Мына ушундай себептердин натыйжасында, башкача айтканда, убакыттын өтүшү, улам жаңы ойлордун кошулушу жана өздөштүрүүгө жеңил ыктардын берилиши менен, азыркы талаптарга ылайык, 1-класстардын сабатын ачуу үчүн түзүлгөн окуу куралы катары С.К.Рысбаевдин «Алиппе комплекси» эсептелээри талашсыз.

Бул комплекстүү окуу китеби Кыргызстандын дагы миңдеген балдарынын сабатын ачууда ийгиликтүү, натыйжалуу эмгектердин борборун түзөт деген ойдобуз. Андыктан С.Рысбаевдин “Алиппе” китебинин негизинде бир сабактын иштелмесин сунуштоону туура көрдүк.

**Алиппе сабагынын иштелмеси. 1-класс. (С.Рысбаев)**

**Сабактын темасы:** Бб тыбышын окутуу.

**Сабактын максаты: а) Билим берүүчүлүк максаты**: окуучуларды **б** тыбышы менен тааныштырып, ал катышкан сөздөрдү табууга жана окууга үйрөтүү.

**б) Өнүктүрүүчүлүк максаты:** окуучуга берилген муундардын, сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн катарынан **б** тыбышын таптыруу жана катыштырып сөз, сүйлөм түздүрүү, ошондой эле «Алиппе комплексинин» жандооч материалдары менен иш алып барууга көнүктүрүү.

**в) Тарбия берүүчүлүк максаты:** өтүлгөн теманы кунт коюп угууга, так, туура өздөштүрүүгө, кабыл алууга, ошондой эле тартиптүүлүккө тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимдерди берүү.

**Сабактын түрү:** сабак-аңгеме

**Сабактын предмет аралык байланышы:** Математика, Мекен таануу, Адеп, Сүрөт.

**Сабактын жабдылышы: Б** тамгасынын ватман бетинде берилиши, түстүү сүрөттөр, ребус ж.б.

**Сабактын жүрүшү:** I. Уюштуруу бөлүмү: 1. Окуучулар менен саламдашуу.
2. Класстын тазалыгына көңүл буруу.

3. Окуучулардын жетиш-катышын текшерүү.

4. Үй тапшырманы текшерүү.

II. Негизги бөлүм: Жаңы теманы түшүндүрүү.

Мугалим окуучуларга **Б** тыбышын «Шайыр тамгалар» китепчесинин жардамы менен төмөндөгүдөй тааныштырат:

М.: - Балдар, мен силерге азыр ыр окуп берейин, ал ырда кайсыл тыбыш көбүрөөк айтылаарын байкап тургула. Кайсыл тыбыш көбүрөөк айтылса, биз бүгүн ошол тыбышты өтөбүз:

Бала барды бакчага,
Бакчада ал башкача.
Балдардан абдан уялат,
Баарына көнүп алгыча.
Чындап көнүп алган соң,

Балдар менен таанышат.
Ынтымак куруп ортодо,
Оюн куруп калышат.
Бирок оюнчук келгенде,
Биринен-бири талашат.

М.: - Кана, балдар, ыр силерге жактыбы?

О: - Ооба, жакшы ыр экен.

М.: - Бул ырда кайсыл тыбыш көбүрөөк катышыптыр?

Окуучулар «Шайыр тамгалар» менен иштөөгө көнүп калгандыктан, окулган ырдан **б** тыбышын тез эле ажыратып алышат.

М.: - Азаматсыңар! Бүгүн биз мына ушул **б** тыбышын өтөбүз.

М.: - Балдар, айткылачы, **б** тыбышы үндүүбү же үнсүзбү? Келгиле, айтып көрөлү.

Окуучулар мугалимди кошо ээрчип айтып, **б** тыбышы үнсүз жана жумшак экендигин билишет.

М.: - **б** тыбышы катышкан сөздөрдөн айтып көргүлөчү.

О: - Балта, араба, жаныбар, …

М.: - Эми **б** тыбышы менен башталган сөздөрдү айткыла.

Окуучулар **б** тыбышы катышкан сөздөрдү аташат

О: - Класста **б** тыбышы менен башталган же **б** тыбышы катышкан кыздардын, балдардын аттары (ысымдары) барбы?

Окуучулар Бегимай, Кубат, Болоттун аттарын аташат.

М.: - Бул аттарды муунга бөлүп көргүлө.

Окуучулар төмөндөгүдөй бөлүшөт:

Бе-ги-май, Ку-бат, Кам-чы-бек.

М.: - Бегимайда **б** тыбышы кайсыл муунда кездешип жатат?

О: - Биринчи муунда.

М.: - Кубаттачы?

О: - Экинчи муунда.

М.: - Ал эми Камчыбекте **б** тыбышы кайсыл муунда экен?

О: - Үчүнчү муунда.

М.: - Болуптур, балдар, эми боёмо китепчесин ачып, андан **б** тыбышын тапкыла.

Окуучулар **б** тыбышын тез эле табышат.

М.: - Кана, ал жерде эмнелердин сүрөттөрү берилиптир?

Балдар *бадыраң*, *банан* жана *баканын* сүрөттөрүн көрүп, аттарын аташат.

М.: - Ал эми **б** тыбышынын сүрөтүчү, бар бекен?


О: - Ооба.

М.: - Ал кандай түс менен боёлот?

О: - Көк түс менен боёлот?

Мугалим **б** тыбышынын көк түс менен белгиленерин, о.э. ал үнсүз тыбыш экендигин окуучулардын аң сезиминде дагы да тереңирээк калыптандырыш үчүн аны боёмо тамгалардан боётот. Ал эми калган сүрөттөрдү боёону үй тапшырма катары берет.

М.: - Балдар, бул сүрөттөрдү карагылачы, эмнелерди көрүп турасыңар?







О: -Бак, буудай, бала.

М.: -Буларды муунга бөлүп айткыла.

О: -Бак, буу-дай, ба-ла.

М.: -Биринчи сөз канча муундан турду?

О: -Бир муундан турду.

М.**:** -Бир муундан турса, ал кандай муун?

О: -Туюк муун.

М.: -Экинчи, үчүнчү сөздөрчү?

О: -Эки муундан турду.


М.: -Азаматсыңар! Келгиле эми, ребус менен иштеп көрөлү.


Мугалим окуучуларга ребустун шартын түшүндүрөт:

М.: -Биринчи ребуста, сүрөттүн аталышын айтып, ага берилген тамганы кошуп окуйсуңар, ал эми экинчи ребуста, тескерисинче, берилген тамгаларга сүрөттүн аталышын кошуп окуйсуңар.


Ребус төмөндөгүдөй түзүлүштө берилген:

1-РЕБУС. 2-РЕБУС.

 -А

БА- 

 -ПАН

БУ- 

Окуучулар ребустан сөздү таап, окуп чыгышат.

М:-Балдар, баардыгын туура таптыңар, келгиле эми, чарчадык окшойт, бир аз эс алып алалык.

Бүкүрөйбөй түз тургун,
Бирге коюп буттарды.
Кана эмесе, туурайлы,
Учуп жүргөн куштарды.

Өйдө көтөр колунду,
Бирок бутту жылдырба.
Шамал тийген дарактай,
Эки жакка кыймылда.

М.: -Эми, балдар, китепти карайбыз. (31-32-беттер.)

Балдар китептин 31-32-беттерин ачып, көз жүгүртө башташат.

М.: -Балдар, биз азыр кичи топторго (подгруппаларга) бөлүнүп алып, китептеги кара тамгалар менен жазылган муундарды жана сөздөрдү окуп чыгалы, анан кесме тамгалар менен аларды курап көрөлү. 1-катар «Бакыт», 2-катар «Бермет», 3-катар «Баатыр» кичи топтору болсун.

Окуучулар берилген ачык, туюк жана эки муундан турган сөздөрдү «хор» түрүндө окушат, андан соң кичи топтордо кесме тамгалар менен төмөндөгүдөй иш жүргүзүшөт:

| «Бакыт» кичи тобу. | «Бермет» кичи тобу. | «Баатыр» кичи тобу. |
|---|---|---|
| Ба | бо | бу |
| Бат | бот | бут |
| Бата | бото | бута |

Бул тапшырмалар аткарылып бүткөндөн кийин мугалим балдарды китепте берилген сүрөттөр менен тааныштырат:



М.: -Бул ким?

О: -Бул - кыз.


М.: -Кыздын аты ким, окуп көргүлөчү.

О: -Кыздын аты Набат.

На-бат

М.: -Бул кайсыл жемиш? Аталышын окугула.

О:-Бул - банан.



Ба-нан



М.: -Кийинки сүрөттү карагыла, эмнени көрүп турасыңар?

Окуучулар чоң атасы менен кызынын

дасторконго бата кылып жаткандыгын айтышат.

М.: -Астындагы сөздү окуп көргүлөчү, эмне деген сөз пайда болду?

О: -Бата деген сөз пайда болду.

Ба-та



М.: -Андан кийинки сүрөттү карагыла, бул эмненин сүрөтү?

О: -Төөнүн баласынын сүрөтү.

М.: -Аны кандай атайбыз, аталышын окуп көргүлөчү.

О: -Бото

Бо-то



- Эми бул сүрөттү карагыла, Набат эмне кылып жатат?

- Набат бута атып жатат.

М:-Азаматсыңар! Кана эмесе, сүйлөмдөрдү окуйбуз:

На-бат бо-то.

На-бат бу-та ат!

Бат ат!

Бу-та

Китептеги бардык тапшырмалар аткарылып бүткөндөн кийин сабакты бышыктоо мындайча жүргүзүлөт:

М.: -Кана, айткылачы, балдар, **б** тыбышы кандай тыбыш экен?

О: -Жумшак, үнсүз тыбыш.


М.: -**Б** тыбышы менен башталган сөздөрдү атап көргүлөчү.

Окуучулар балта, бак, барак, ж.б.у.с. сөздөрдү аташат.


**Үйгө тапшырма берүү:** Банан, Набат, Бото, бата деген сөздөрдү шарттуу белгилери боюнча түзүп келүү.

Мугалим үлгү катары банан деген сөздү шарттуу белгилери боюнча төмөндөгүдөй кылып белгилеп берет:

Банан,



**Окуучулардын билимин баалоо:** окуучулар сабакка катышкандыктарына жараша «Баа таблосунан» өзүлөрүнө тиешелүү бааларын алышкандан кийин, баа таблосу төмөндөгүдөй түргө келди:




Бул жыйынтык, албетте, С.К.Рысбаевдин “Алиппе комплексинин” 1-класстын окуучулары үчүн пайдасы көбүрөөк экендигин далилдеп турат.

Адабияттар:

1. Рысбаев С. Алиппе. 2-бас. –Бишкек: “Полиграфбумресурсы”, 2010. 160-б.

2. Осмонкулов А. Кыргызстанда эл агартуу иштеринин жана эне тилин окутуунун тарыхынан. -Фрунзе, 1974.

3. Окутуунун интерактивдүү усулдары жана класссты башкаруу. -Бишкек, 2004.

4. Ташпынар М., Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. -Б., КТМУ, 2004.

5. Окутуу натыйжалары (максаттар жана индикаторлор). Мектеп мугалимдери үчүн колдонмо. /Түзгөндөр: З.Мамбетова, Г.К.Бекбоева ж.б.